ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№01/24 протоколу

2024-ж. 19-сентябрь Жалал-Абад ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 9
Катышкандар: 8
Катышпагандар: 1

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталаардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев жаңы окуу жылынын башталышы, биринчи окумуштуулар кенешинини жыйыны менен куттуктап сөз сүйлөп, Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Тиешелүү материалдар
1	Окумуштуулар кеңешинин курамын, жобосун, регламентин жана иш планын бекитүү	Ректор	Билдирүү, тиешелүү материалдардын нускалары
2	а) ЖАЭУнун миссиясын бекитүү б) университеттин илимий темасын бекитүү в) ЖАЭУнун стратегиялык планын бекитүү	Ректор	Миссиянын, стратегиялык пландын нускалары
3	Окуу пландарын, негизги билим берүү программаларын, окуу процессинин графигин бекитүү	Окуу иштери боюнча проректор	Тиешелүү материалдардын нускалары
4	Окуу жылына карата проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн иш пландарын бекитүү	Окуу иштери боюнча проректор	Иш пландар
5	Административдик кеңештин курамын, жобосун жана иш планын бекитүү	Ректор	Билдирүү, жобо, иш план
6	а) Комиссиялардын курамдарын бекитүү б) Окуу-усулдук жана Сапат кеңешинин курамдарын бекитүү	Окуу иштери боюнча проректор	Билдирүүлөр
7	Камкордук кеңештин курамын бекитүү	Ректор	Билдирүү
8	ЖАЭУнун тарифтик-квалификациялык тизмесин бекитүү	Башкы эсепчи	Билдирүү
9	ЖАЭУ тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын тарифин бекитүү	Башкы эсепчи	Билдирүү
10	Жоболорду, кызматтык нускамаларды бекитүү	Окуу иштери боюнча проректор	Жоболордун нускалары
11	Ар түрдүү маселелр:		
11.1.	Окуу-маалымат бөлүмүнө AVN автоматташтырылган маалыматтык системасын орнотуу жана ишке киргизүү жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Билдирүү

11.2.	Бухгалтерияга 1С программасын орнотуу жана ишке киргизүү жөнүндө	Башкы эсепчи	Билдирүү
11.3	“Дарылоо иши” (5 жыл) адистигинин 1-курсу үчүн окуу жүктөмдөрүнүн бөлүштүрүлүшү жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Билдирүү

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! 2024-2025-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин курамын жана иш планын бекитип алышыбыз керек. Окумуштуулар кеңешинин курамы жана иш планы буга чейин административдик кеңеште да каралып, талкууланган (Окумуштуулар кеңешинин курамы сунушталды, курамдын тизмеси тиркелет). Тизме 9 кишиден турат. Студенттер сабакка келгенде, алардан да бир киши кошулуп, тизме толукталат.”

Окумуштуулар кеңешинин жобосу жана регламенти таныштырылды.

Сунуш, суроолор болгон жок.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору добуш берүүгө сунушталды:

2024-2025-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин 9 кишиден турган курамы (тизме тиркелет), жобосу, регламенти жана иш планы бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! ЖАЭУнун миссиясы жана миссияга жараша илимий темасы административдик кеңеште каралган талкууланган, оңдоп ттүзөөлөрдөн кийинки иварианты экранда турат, ой-пикирлер, сунуштар болсо айтсаңыздар.

Төмөнкүдөй миссия сунушталган:

Кыргыз тилинде: Алдыңкы билим берүү технологияларын жана илимий изилдөөлөрдү интеграциялоо аркылуу жаңы муун кадрларын даярдоо, коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн глобалдык милдеттерин чече алган жана эмгек рыногундагы дени сак атаандаштыкка даяр адистерди тарбиялоо.

Расмий тилде: Подготовка нового поколения кадров на основе интеграции передовых образовательных технологий и научных исследований, способных решать глобальные задачи устойчивого развития общества и готовых к здоровой конкуренции на рынке труда.

Англис тилинде: To train a new generation of professionals through the integration of advanced educational technologies and scientific research, capable of addressing global challenges of sustainable development and prepared for healthy competition in the labor market.

Университеттин илимий темасы төмөнкүдөй сунушталган:

Кыргыз тилинде: «Алдыңкы билим берүү технологияларын, далилдүү практика жана илимий негизделген ыкмаларды интеграциялоо аркылуу туруктуу өнүгүү максаттарына жетүү үчүн мультидисциплинардык изилдөөлөрдүн натыйжаларын билим берүү, илим, техника жана саламаттык сактоо тармактарына киргизүү».

Орус тилинде: «Внедрение результатов мультидисциплинарных исследований в сферы образования, науки, техники и здравоохранения для достижения целей устойчивого развития посредством интеграции передовых образовательных технологий, доказательной практики и научно обоснованных подходов».

Англис тилинде: Implementation of the results of multidisciplinary research in the fields of education, science, technology, and healthcare to achieve the Sustainable Development Goals through the integration of advanced educational technologies, evidence-based practice and evidence-based approaches.

ЖАЭУнун стратегиялык планы да түзүлгөн сиздер менен бир нече жолу талкууланган жана административдик кенеште каралган, ой-пикирлер, сунуштар болсо айтсаңыздар.”

Суроолор берилди:

Суроо-1: Окуу иштери боюнча проректор м.и.к. Садырова Н.А.: – “Аккредитациялык уюмдардын талаптары миссияны, илимий теманы жана стратегиялык планды түзүүдө эске алындыбы?”

Жооп-1: Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев: – “Албетте аккредитациялык уюмдардын талаптары эске алынды, мисалы миссияда “глобалдуу маселелерди чечүүгө жөндөмдүү” деген сөздөр кирди.”

Сөзгө чыккандар:

1. Декан, Ш.М.Астанов: – “Окуу жайыбыздын миссиясы, илимий темасы жана стратегиялык планы абдан туура, так түзүлгөн, буга чейин караганбыз, ошондуктан бекитүүгө сунуш кылам.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) ЖАЭУнун миссиясы бекитилсин;

б) университеттин илимий темасы бекитилсин;

в) ЖАЭУнун стратегиялык планы бекитилсин.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сүйлөдү: – “Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! Бизде учурда 1 адистик бар, ал окуу мөөнөтү 5 жыл жана 6 жыл болгон “Дарылоо иши” адистиги. Бул адистик үчүн 2024-2025-окуу жылына карата окуу процессинин графиктери түзүлдү. Азыркы учурда жогорку курстарга башка окуу жайлардан которулуп келүүнү каалагандар болуп жатат, ошондуктан которулуу процесстери үчүн, андан сырткары окуу жайыбыз жаңы ачылгандыгына байланыштуу окуу процессин уюштурууну жолго коюуда убакыт талап кылынат. Ушул айтылгандарды эске алып жогорку курстар үчүн окуу процессин 7-октябрдан баштасак деп сунуш кылып жатабыз. Окуу процессинин графигин да ушул сунуштун негизинде иштеп чыктык. Бул маселе буга чейин административдик кеңеште да талкууланган жана ал талкууда айтылган сунуштардын негизинде толукталып оңдолду. Ал эми НББП боюнча айта турган болсок, адистик боюнча тиешелүү адистер менен карап, талкууладык, муктаждык болсо өзгөртүп түзүүлөрдү киргизебиз. Сунуш кылынып жаткан окуу планын, окуу процессинин графиктерин жана НББПны бекитип берүүнүздөрдү суранам.”

Суроолор берилди:

Суроо-1: Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору ф.-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев: – “Окуу процессинин графигиктерин түзгөндө 3,4,5 курстардын практикалары эске алындыбы жана жогорку курстар үчүн теориялык окутуу жумалары туура келдиби?”

Жооп-1: Окуу иштери боюнча проректор, м.и.к., Н.А.Садырова: – “Эске алынып түзүлдү, теориялык жумалар талапка жооп берет”

Сөзгө чыккандар:

1. Медициналык факультеттин деканы Ш.М. Астанов: – “Окуу процессинин графиги түзүлгөндө бардык талаптар эске алынган, ошондой эле жаңы ачылган окуу жай болгонубуздан жогорку курстарды кабыл алуу жана уюштурууга убакыт керек болот. Ошону эске алуу менен жогорку курстун окуу графиги 7-октябрдан башталуусу ыңгайлуу.”
2. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев: – “Мен да окуу процессинин графиктери жана НББПлар менен таанышып чыктым. Маалыматта да айтылды. Бул маселе боюнча башка сунуштар жок болсо, анда токтом долбоорун бекитүүнү добушка коём.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) 560001 Дарылоо иши (5 жыл) жана 560001 Дарылоо иши (6 жыл) адистиктери боюнча окуу пландары, негизги билим берүү программалары бекитилсин. 2024-2025 окуу жылындагы окуу процессинин графиги бекитилсин;

б) Аталган иш кагаздар сайтка PDF форматта жүктөлсүн (жооптуулар: окуу иштери боюнча проректор, эл аралык байланыш жана маркетинг бөлүмүнүн башчысы; аткаруу мөөнөтү: 20-октябрга чейин);

в) Октябрдын биринчи декадасында, кызыктар тараптар менен (стейкхолдер) НББП жана ОП боюнча тегерек стол уюштурулсун (жооптуулар: декан, эл аралык байланыш жана маркетинг бөлүмүнүн башчысы; аткаруу мөөнөтү: 10-октябрга чейин).

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

4-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сөз сүйлөдү: – “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! Окуу жылына карата проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн иш пландары тапшырылды. Талаптарга жооп берет жана оңдоп түзөө менен бекитүүгө сунуштайм.”

Бул маселе боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар:

1. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев: – “Урматтуу кесиптештер! Иш пландарга дыкат менен көңүл коюп карап чыгыңыздар, план кыска бирок жыл ичинде аткарылуучу бардык жумуштарды камтыш керек.”

Төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) 2024-2025-окуу жылына карата проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн иш пландары өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилсин

б) Иш планда каралган иш чаралар өткөрүлгөндөн кийин, иш чара жөнүндөгү малыматтар өз убагында сайтка жүктөлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

5-маселе боюнча Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү!

Административдик кеңештин курамын, жобосун жана иш планын бекитүүнү талкууга коем. Биз чакан окуу жай болгондуктан адмистративдик кеңештин төмөнкү курамын сунуштайм:

1. Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевич – ЖАЭУнун ректору, кеңештин төрагасы;

2. Садырова Нургул Адылгазиевна – ЖАЭУнун окуу иштери боюнча проректору, төраганын орун басары;
3. Асилова Зульфия Атамырзаевна – ЖАЭУнун илимий, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору, мүчө;
4. Торокулов Элдияр Шаршенович – ЖАЭУнун административдик-чарба иштери боюнча проректору, мүчө;
5. Астанов Шавкат Моминжанович – декан, мүчө;
6. Чойбекова Назгуль – катчы.

Административдик кенештин жобосу жана иш планы түзүлгөн жана талкууланган, аларды бекитүүгө сунуштайм. Ушул сунушту колдоп берүүңүздөрдү суранам.”

Бул маселе боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар болгон жок.

Административдик кеңештин курамын, жобосун жана иш планын бекитүү добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

6 – маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сөз сүйлөдү: “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Өзүңүздөргө белгилүү болгондой окуу жайдын ишмердүүлүгүнө байланыштуу болгон ички комиссияларды карап, алардын курамдарын бекитип алышыбыз керек. Ар бир комиссиянын курамын өзүнчө карап, добушка койсок жакшы болот.

а) Окуу-усулдук кеңешменин курамы;

Жобого ылайык Окуу-усулдук кеңешменин төрайымы Окуу иштери боюнча проректор болот. Ошондуктан төмөнкү курам сунушталат.

1. Садырова Нургуль Адылгазиевна – Окуу иштери боюнча проректор, төрайым;
2. Асилова Зульфия Атамырзаевна – Илимий, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор, мүчө
3. Астанов Шавкат Моминжанович – декан, мүчө.

Бул курам боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар да болгон жок.

Окуу усулдук кенештин курамы бир добуштан бекитилди.

б) Сапат кеңешинин курамы;

1. Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевич – ЖАЭУнун ректору, кеңештин төрагасы.

Мүчөлөрү:

2. Садырова Нургул Адылгазиевна – ЖАЭУнун окуу иштери боюнча проректор;

3. Асилова Зульфия Атамырзаевна – ЖАЭУнун илимий, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор;

4. Торокулов Элдияр Шаршенович – ЖАЭУнун административдик чарба бөлүмү боюнча проректор;

5. Астанов Шавкат Моминжанович – декан;

6. Гайсина Дания Александровна – Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнүн башчысы;

7. Жаанбаев Замирбек Сыдыкбекович – Программалык камсыздоо боюнча башкы адис;

8. Токоева Нурзат Тахировна – башкы бухгалтер;

9. Юлдашева Барно Муратжановна – Укуктук иштер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы.

Бул курам боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар да болгон жок.

Сапат кеңештин курамы бир добуштан бекитилди.

в) Кабыл алууну уюштуруудагы комиссиялардын курамдары;

Кабыл алуу комиссиясынын төрагасын жана жооптуу катчысын сунуштайм.

1. Нарбаев Мирсадык Рахимбердиевич, ректор – кабыл алуу комиссиясынын төрагасы;
2. Садырова Нургуль Адылгазиевна, окуу иштери боюнча проректор – жооптуу катчы.

Бул курам боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар да болгон жок.

Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы жана жооптуу катчысы бир добуштан бекитилди.

Кабыл алуу комиссиясынын техникалык катчыларынын курамына төмөнкү кызматкерлер сунушталат:

1. Шатманова Чинара Тажимаматовна – техникалык катчы;
2. Чойбекова Назгуль Макамбаевна – техникалык катчы.

Бул курам боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар да болгон жок.

Кабыл алуу комиссиясынын техникалык катчыларынын курамы бир добуштан бекитилди.

Кабыл алуудагы аппеляциялык комиссиясынын курамына төмөнкү кызматкерлер сунушталат:

1. Асилова Зульфия Атамырзаевна, Илимий, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор – комиссиянын төрайымы;
2. Астанов Шавкат Моминжанович, декан – комиссиянын мүчөсү;
3. Гайсина Дания Александровна, Эл аралык байланыштар жана маркетинг бөлүмүнүн башчысы – комиссиянын мүчөсү.

Бул курам боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар да болгон жок.

Кабыл алуудагы аппеляциялык комиссиясынын курамы бир добуштан бекитилди.

г) Которулуу жана тикеленүү комиссиясын төмөнкүдөй курамда бекитип берүүнүздү суранам:

1. Садырова Нургуль Адылгазиевна, Окуу иштери боюнча проректор – комиссиянын төрайымы;
2. Астанов Шавкат Моминжанович, декан – комиссиянын мүчөсү;
3. Юлдашева Барно Муратжановна – Укуктук иштер жана адам ресурстары боюнча бөлүм башчысы;
4. Сыдыкова Бубукан Жолдошовна, окуу иштери боюнча инспектор – комиссиянын мүчөсү;
5. Чойбекова Назгуль Макамбаевна, катчы – комиссиянын катчысы.

Суроо берилди:

Суроо: Укуктук иштер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы, комиссиянын мүчөсү Юлдашева Барно Муратжановна: – “Менин кызматым кандай бул комиссияда?”.

Жооп: Окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова: – “Которулуу жана тикеленүү боюнча өкмөттүн токтомунун негизинде студенттик кадрлар бөлүмүнүн башчысы комиссиянын курамында болуш керек. Сиздин кызматыңыз студенттин документтеринин болушу, которулуп жаткан адистикке дал келишин көзөмөлдөө”.

Сөзгө чыккандар да болгон жок.

Кабыл алуудагы аппеляциялык комиссиясынын курамы бир добуштан бекитилди.

д) Этика комиссиясынын курамын ар бир мүчөсүн бирден добушка коем:

1. Сыдыкова Бубукан Жолдошовна – окуу иштери боюнча инспектор, комиссиянын төрайымы (бир добуштан бекитилди);

2. Шатманова Чинара Тажибаевна – комиссиянын мүчөсү (бир добуштан бекитилди);

3. Укубаева Акылай Нармаматовна – китепканачы, комиссиянын мүчөсү (7 макул, 1 калыс, көпчүлүк добуш менен бекитилди);

4. Осмонов Алтынбек Батырович – юрист, комиссиянын мүчөсү (бир добуштан бекитилди);

5. Чойбекова Назгуль Макамбаевна – катчы, комиссиянын мүчөсү (7 макул, 1 каршы, көпчүлүк добуш менен бекитилди).

Бул курам боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар да болгон жок.

Этика кенешинин курамы бир добуштан бекитилди.

7-маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Окуу жайга коюлган талап боюнча камкордук кеңештин болушу шарт. Ошондуктан төмөнкү курамдагы камкордук кеңешти бекитүүнү сунуштайм. Курамдын ар бир мүчөсүнүн макулдук каты бар:

1. Канетова Динара Эменовна – БАЭМУнун окуу-маалымат бөлүмүнүн башчысы, ф.-м.и.к., доцент;
2. Пратова Хатичахан Раимжановна – Областтык үй-үлөлүк медициналык борборунун директорунун орун басары;
3. Абдуллаева Айнура Пазылбековна – Лайт Академия эл аралык мектебинин мугалими.”

Бул курам боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар да болгон жок.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүү үчүн добушка коюлду.

Камкордук кеңештин курамын бекитүү Негиздөөчүлөрдүн кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен бир добуштан кабыл алынды.

8-маселе боюнча башкы эсепчи Токоева Нурзат Тахировна маалымат берди: – “Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! ЖАЭУнун тарифтик-квалификациялык тизмесин бекитүү маселеси жетекчилик менен талкууланып сунушталган.

Көрсөткүчтөр өкмөттун токтомдоруна ылайык алынган. Минималдык базалык чен 7040 сом коюлган. Тарифтик чендер көрсөтүлүп, кызмат үчүн кошумча төлөм жана педагогикалык стаж үчүн кошумча төлөмдөр эске алынган.”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй чечимдин долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) ЖАЭУнун тарифтик-квалификациялык тизмеси бекитилсин жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрдүн кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен чечимдин долбоору бир добуштан бекитилди.

9-маселе боюнча башкы эсепчи Токоева Нурзат Тахировна маалымат берди: – “ ЖАЭУ тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын тарифин бекитүү маселеси да жетекчилик менен макулдашып, талкууланган. Административдик кеңеште каралган. “Дарылоо иши” адистиги боюнча Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн 35000 (отуз беш миң сом), жакынкы чет өлкөлүк студенттер үчүн 150000 (жүз элүү) миң сом, алыскы чет

өлкөлүк студенттер үчүн 200000 (эки жүз миң) сом өлчөмүндө бекитүү сунушталат. Андан сырткары абитуриенттерди кабыл алуудагы документтер, которулуу жана тикеленүү, академиялык тактама үчүн тарифтер таблицада (таблица тиркелет) көрсөтүлгөн өлчөмдө бекитүүгө сунушталат.”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй чечимдин долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) ЖАЭУ тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын тарифи таблицада көрсөтүлгөн өлчөмдө бекитилсин жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрдүн кеңешинин кароосуна сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен чечимдин долбоору бир добуштан бекитилди.

10-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сөз сүйлөдү: “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Жоболорду, кызматтык нускамаларды бекитүү боюнча төмөнкүлөрдү эске салам: Учурда 120 жобо даярдалып, кыргыз тилине которулуп жатат. Кийинки баскычта англис тилине да которобуз. Кызматтык нускамалар структуралык бөлүм башчылар тарабынан иштелип чыккан, бир жыйнак кылып даярдалды.”

Жоболорду, кызматтык нускамаларды бекитүү боюнча боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар да болгон жок.

Жоболор, кызматтык нускамалар бир добуштан бекитилди.

11. Ар түрдүү маселелер:

11.1-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сөз сүйлөдү: “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Окуу процессин автоматташтыруу максатында биз маалыматтык системаны тандап алып аны орнотушубуз абзел. Эң алгач автоматташтырылган системаны сатып алуу жана орнотууга кеткен чыгымдарды аныктап, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп ишке киргизишибиз керек. Азыркы учурда AVN автоматташтырылган маалыматтык системасын орнотуу жана ишке киргизүү боюнча тиешелүү мекеме менен келишим түзүлүп, алгачкы жумуштар башталды. Келишимдин негизинде чыгымдарга жумшалуучу акча каражатын бөлүп берүүңүздөрдү суранам.”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй током долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) Окуу-маалымат бөлүмүнө AVN автоматташтырылган маалыматтык системасын орнотуу жана ишке киргизүү боюнча уютуруу иштерине жана сатып алууларга кеткен чыгымдарга акча каражаты бөлүнсүн жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрүнүн кеңешине кароого сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан бекитилди.

11.2-маселе боюнча башкы эсепчи Токоева Н.Т. сөз сүйлөдү: “Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Азыркы учурда бардык мекемелерде финансылык жумуштарды аткарууда автоматташтырылган 1С программасы менен иштешет. Мамлекеттик текшерүү органдары тарабынан да ушундай талап коюлган. Ошондуктан биз дагы финансылык иштерди жүргүзүүдө 1С автоматташтырылган программасын орнотушубуз керек. Бул программаны сатып алуу жана орнотуу үчүн тиешелүү жактар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүздүк, алар коммерциялык сунуш менен бизге кайрылышты. Анын негизинде азыркы учурда келишим түзүлдү. Андан сырткары бухгалтерияга ушул программага туура келген компьтер да сатып алуу зарыл. Ошондуктан бул программаны орнотууга кеткен чыгымдар үчүн сметанын нешизинде акча каражатын бөлүп берүүңүздөрдү суранам.”

а) Бухгалтерияга 1С программасын орнотуу жана ишке киргизүү боюнча уюштуруу иштерине жана сатып алууларга кеткен чыгымдарга акча каражаты бөлүнсүн жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрүнүн кеңешине кароого сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан бекитилди.

11.3. маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сөз сүйлөдү: "Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Кадр маселесин чечүү максатында "Дарылоо иши" (5 жыл) адистигинин 1 курсу үчүн 7-октябрдан кафедра башчылары окуу жүктөмүн бөлүштүрүп, профессордук-окутуучулук курамдын айлык маянасын жумушка алынган күнүнөн баштап окуу жүктөмүнүн негизинде төлөнүп берилишин сунуш кылам. Анткени окутуучуларды эртереээк жумушка албасак, кийин окутуучуларды табуу кыйын болуп калат. 1-курска кабыл алуу планы боюнча 100 студент алышыбыз керек. Азыркы учурда бизге студенттерди алып келе турган ортомчу фирманын өкүлү менен да сүйлөштүк алар 50дөн кем эмес студент келүүсүнө кепилдик берип жатышат, алар кепилдик кат да жазып беришти."

Бул маселе боюнча суроолор болгон жок.

Сөзгө чыккандар:

1. Медициналык факультеттин деканы Ш.М. Астанов: – "Биз жаңы ачылган окуу жай болгонубузга байланыштуу кадр маселесин камсыз кылуу кыйынчылыктарды туудурат, ошондуктан Дарылоо иши адистиги үчүн азырынча 1 тайпа (15 студент) үчүн эсептөө бөлүштүрүү жасалышын сунуштайм."

2. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев: – "Албетте биз жаңы уюшулган окуу жай болгонубузга байланыштуу кадр маселеси биринчи орунда турат, жана кадрды тартуу, анын айлык маянасын КРнын эмгек кодексине ылайык төлөп берүү биздин башкы милдетибиз. Биринчи курстун кабыл алуу графиги 1-декабрга чейин экендиги баарыбызга белгилүү. Андан сырткары биздин окуу жай ноябрь айынын башында эл аралык аккредитациядан өтөт жана аккредитациянын жыйынтыгы менен гана биз 1-курска алыскы чет өлкөлүк студенттерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз. Ошондуктан декан Шавкат Момунжановичтин сунушу менен азыр 1-курстун бир группасы, башкача айтканда 15 студент үчүн гана окуу жүктөмүн бөлүштүрүп турсак туура болот. 1-курстардын окуу графиги албетте эң кеч дегенде 1-декабрдан башталат. Ошондуктан окутуучулардын эмгек маянасы жумушка кабыл алынган күндөн кетүүсү зарыл. Бул маселе боюнча башка сунуштар жок болсо, анда токтом долбоорун бекитүүнү добушка коём."

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй током долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. "Дарылоо иши" (5 жыл) адистигинин 1-курсунун бир группасы (15 студент) үчүн 7-октябрдан баштап окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлсүн;
2. Жаңы кабыл алынган окутуучулардын эмгек акылары кабыл алынган күндөн баштап төлөнсүн;
3. Бул чечимдерди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөрдүн кеңешине сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан бекитилди.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. 2024-2025-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин 9 кишиден турган курамы (тизме тиркелет), жобосу, регламенти жана иш планы бекитилсин;
2. а) ЖАЭУнун миссиясы бекитилсин;
   б) университеттин илимий темасы бекитилсин;
   в) ЖАЭУнун стратегиялык планы бекитилсин.
3. а) 560001 Дарылоо иши (5 жыл) жана 560001 Дарылоо иши (6 жыл) адистиктери боюнча окуу пландары, негизги билим берүү программалары бекитилсин. 2024-2025 окуу жылындагы окуу процессинин графиги бекитилсин;
   б) Аталган иш кагаздар сайтка PDF форматта жүктөлсүн (жооптуулар: окуу иштери боюнча проректор, эл аралык байланыш жана маркетинг бөлүмүнүн башчысы; аткаруу мөөнөтү: 20-октябрга чейин);
   в) Октябрдын биринчи декадасында, кызыктар тараптар менен (стейкхолдер) НББП жана ОП боюнча тегерек стол уюштурулсун (жооптуулар: декан, эл аралык байланыш жана маркетинг бөлүмүнүн башчысы; аткаруу мөөнөтү: 10-октябрга чейин);
4. а) 2024-2025-окуу жылына карата проректорлордун, структуралык бөлүмдөрдүн иш пландары өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилсин;
   б) Иш планда каралган иш чаралар өткөрүлгөндөн кийин, иш чара жөнүндөгү малыматтар өз убагында сайтка жүктөлсүн;
5. Административдик кеңештин 6 адамдан турган курамы (тизме тиркелет), жобосу жана иш планы бекитилсин.
6. 2024-2025-окуу жылына карата төмөнкү комиссиялардын курамдары бекитилсин:
   а) Окуу-усулдук кеңешменин курамы;
   б) Сапат кеңешинин курамы;
   в) Кабыл алууну уюштуруудагы комиссиялардын курамдары (кабыл алуу комиссиясынын төрагасы жана жооптуу катчысы, техникалык катчылары, аппеляциялык комиссиясы);
   г) Которулуу жана тикеленүү комиссиясынын курамы;
   д) Этика комиссиясынын курамы;
7. Камкордук кеңештин жогоруда сунушталган 3 адамдан турган курамын бекитүү негиздөөчүлөрдүн кеңешинин кароосуна сунушталсын;
8. ЖАЭУнун тарифтик-квалификациялык тизмесин бекитүү негиздөөчүлөрдүн кеңешинин кароосуна сунушталсын;
9. ЖАЭУ тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын тарифин бекитүү негиздөөчүлөрдүн кеңешинин кароосуна сунушталсын;
10. ЖАЭУнун ишмердүүлүгүнө байланыштуу жоболор, кызматкерлердин кызматтык нускамалары бекитилсин;
11. Ар түрдүү маселелер:
    11.1. Окуу маалымат бөлүмүнө AVN автоматташтырылган маалыматтык системасын орнотуу жана ишке киргизүүдөгү чыгымдарды бекитүү негиздөөчүлөрүнүн кеңешине кароого сунушталсын;
    11.2. Бухгалтерияга 1С программасын орнотуу жана ишке киргизүү боюнча уюштуруу иштерине жана сатып алууларга кеткен чыгымдарга акча каражаты бөлүнсүн жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрүнүн кеңешине кароого сунушталсын;

11.3. а) “Дарылоо иши” (5 жыл) адистигинин 1-курсунун бир группасы (15 студент) үчүн 7-октябрдан баштап окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлсүн;

б) Жаңы кабыл алынган окутуучулардын эмгек акылары кабыл алынган күндөн баштап төлөнсүн;

в) Бул чечимдерди бекитип берүү жагы негиздөөчүлөрдүн кеңешине сунушталсын.

Көчүрмөсү анык

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент:  Асилова З.А.